Мэрия г. Бишкек

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 27-августу, № 520

**Окуучулардын катышуусу менен маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүнүн тартибин жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптарды бекитүү жөнүндө**

“Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Окуучулардын катышуусу менен маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Министрликтер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул токтомду натыйжалуу аткаруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.
4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

010267*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 27 августа 2024 года № 520

**Об утверждении Порядка проведения культурно-массовых мероприятий с участием обучающихся и требований по обеспечению их безопасности**

В соответствии со статьей 16 Закона Кыргызской Республики «Об образовании», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Порядок проведения культурно-массовых мероприятий с участием обучающихся и требования по обеспечению их безопасности согласно приложению.
2. Министерствам, административным ведомствам, полномочным представителям Президента Кыргызской Республики в областях и органам местного самоуправления принять соответствующие меры по эффективному исполнению настоящего постановления.
3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.
4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

010266*

Тиркеме

**Окуучулардын катышуусу менен маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан жана окуучулардын катышуусу менен маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүнүн тартибин жана алардын коопсуздугу боюнча талаптарды аныктайт.
2. Билим берүү стандартына ылайык сабактардан тышкары өткөрүлгөн иш-чара окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу жана өмүрүнө коркунуч келген тобокелдиктерди алдын алуу максатында келип чыккан проблемаларды жөнгө салууга багытталган.
3. Ушул Тартип иш-чараны өткөрүүдө коопсуздукту камсыз кылуу максатында тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан өз ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү чечимдерди кабыл алуунун жана алар менен өз ара аракеттенүүнүн тартибин аныктайт.
4. Бул Тартип иш-чараны уюштурууда бардык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана менчигинин түрүнө карабастан бардык уюмдар тарабынан аткарылууга тийиш.

## 2-глава. Иш-чараны пландоо жана уюштуруу

5. Окуучулардын катышуусу менен өткөрүлүүчү маданий-массалык иш-чара – бул республикалык же аймактык региондук деңгээлде саат 08:00дөн 18:00гө чейин менчигинин түрүнө карабастан бардык билим берүү уюмдарынын окуучуларынын катышуусу менен билим берүү уюмунун аймагынан тышкары жабык же ачык жайда өткөрүлүүчү иш-чара (спортко, маданий жана башка тарбия берүүгө багытталган) болуп саналат.
6. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын (социалдык жана билим берүү чөйрөлөрү боюнча) макулдугу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары – БИМ) уруксаты менен өткөрүлөт.

Жергиликтүү деңгээлде өткөрүлүүчү иш-чаралар БИМдин аймактык түзүмүнүн уруксаты жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысынын макулдугу менен өткөрүлөт.

Приложение

**Порядок проведения культурно-массовых мероприятий с участием обучающихся и требования по обеспечению их безопасности**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок разработан в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, законом Кыргызской Республики «Об образовании», другими законами Кыргызской Республики и определяет порядок проведения культурно-массовых мероприятий с участием обучающихся и требования по их безопасности.
2. Мероприятие, проводимое вне занятий в соответствии с образовательным стандартом, направлено на урегулирование возникающих проблем с целью обеспечения безопасности и предотвращения рисков, угрожающих жизни учащихся.
3. Настоящий Порядок определяет порядок принятия соответствующими государственными органами соответствующих решений и взаимодействия с ними в пределах своих полномочий в целях обеспечения безопасности при проведении мероприятия.
4. Настоящий Порядок подлежит исполнению всеми государственными органами и органами местного самоуправления, местными государственными администрациями и организациями независимо от форм собственности при организации мероприятия.

## Глава 2. Планирование и организация мероприятия

5. Культурно-массовое мероприятие с участием обучающихся – это мероприятие, проводимое на республиканском или региональном уровне с 08:00 до 18:00 часов в закрытом или открытом помещении вне территории образовательной организации с участием обучающихся всех образовательных организаций независимо от форм собственности (направленное на спортивное, культурное и иное воспитание).
6. Мероприятие проводится с согласия заместителя Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики (по социальной и образовательной сферам) и с разрешения Министерства образования и науки Кыргызской Республики (далее – МОН).

Мероприятия, проводимые на местном уровне, проводятся с разрешения территориального подразделения МОН и с согласия главы органа местного самоуправления.

7. Организация мероприятия включает в себя следующие этапы:

7. Иш-чараны уюштуруу өз ичине төмөнкүдөй этаптарды камтыйт:

1) иш-чара алдын ала жылдык планга киргизилет жана тиешелүү буйрук менен бекитилет. Пландалбаган иш-чара өткөрүлгөн учурда тиешелүү негизделген документ талап кылынат;

2) уюштуруучулар иш-чаранын сценарийин алдын ала даярдашы керек, ал төмөнкүдөй маалыматты камтууга тийиш:

– иш-чарага катыша турган окуучулардын саны;

– иш-чарага катышууга окуучулардын ата-энелеринин макулдугу (ата-энелердин колдору коюлган тизме);

– иш-чарага катыша турган чоң адамдардын саны;

– иш-чаранын өткөрүү датасын, баштоо жана аяктоо убактысын көрсөтүү менен жалпы узактыгы;

– коомдук тартипти камсыз кылуунун формасы (укук коргоо органдары тарабынан/уюштуруучулар тарабынан);

– иш-чаранын өрт коопсуздугуна жооптуу адамдын кызмат орду, аты-жөнү, байланыш номери;

3) иш-чара өткөрүлгөнгө чейин уюштуруучулар белгилүү бир аймакты БИМдин аймактык бөлүмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (мындан ары – ИИМ), жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (мындан ары – ЖМА) өкүлдөрүнүн катышуусу менен коопсуздукту камсыз кылуу чараларына байланыштуу (аба ырайынын шарттарына өзгөчө көңүл буруу менен) алдын ала карап чыгуу, бардык тобокелдиктерди аныктоо жана иш-чараларды өткөрүү мүмкүнчүлүгү же мүмкүн эместиги жөнүндө жеринде акт түзүү керек;

4) иш-чараны өткөрүү мүмкүн экендиги жөнүндө акт түзүлгөндөн кийин аны ЖМА менен макулдашуу керек жана БИМдин уруксатын алуу зарыл;

5) иш-чараны пландалган өткөрүү боюнча ИИМдин, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (мындан ары – ӨКМ), Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (мындан ары – ССМ) аймактык бөлүмдөрүнө жана ЖМАга 2-пунктчада көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган катты алдын ала жөнөтүү керек;

6) ИИМдин, ӨКМдин, ССМдин жана БИМдин аймактык түзүмдөрүнүн кызматкерлери жогоруда көрсөтүлгөн катты алгандан кийин өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде коопсуздук маселелери боюнча катышуучуларга түшүндүрүү (алдын алуу, нускама берүү) иштерин өткөрүүгө тийиш;

7) эгерде иш-чараны өткөрүү орду башка аймакта болсо жана окуучуларды автомобиль транспорту менен ташуу пландалса, иш-чараны өткөргөнгө чейин ИИМдин аймактык бөлүмдөрүнө жана ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча башкы башкармалыгына транспорт каражатынын маркасы, мамлекеттик номер белгиси, иш-чарага тартылган автомобиль



1) мероприятие включается в предварительный годовой план и утверждается соответствующим приказом. В случае проведения незапланированного мероприятия требуется соответствующий обоснованный документ;

2) организаторы должны заранее подготовить сценарий мероприятия, который должен содержать следующую информацию:

– количество учащихся, которые будут участвовать в мероприятии;

– согласие родителей учащихся на участие в мероприятии (список родителей с подписями);

– количество взрослых людей, которые будут присутствовать на мероприятии;

– общая продолжительность мероприятия с указанием даты проведения, времени начала и окончания;

– форма обеспечения общественного порядка (правоохранительными органами/организаторами);

– должность, Ф.И.О., контактный номер лица, ответственного за пожарную безопасность мероприятия;

3) до проведения мероприятия организаторам необходимо провести предварительный осмотр определенной территории с участием представителей территориальных подразделений МОН, Министерства внутренних дел Кыргызской Республики (далее – МВД), местной государственной администрации (далее – МГА), связанный с мерами обеспечения безопасности (с особым вниманием к погодным условиям), выявить все риски и на месте составить акт о возможности или невозможности проведения мероприятия;

4) после составления акта о возможности проведения мероприятия необходимо согласовать его с МГА и получить разрешение МОН;

5) по планируемому проведению мероприятия необходимо заранее направить в территориальные подразделения МВД, Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики (далее – МЧС), Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (далее – МЗ) и МГА письмо, содержащее сведения, указанные в подпункте 2;

6) сотрудники территориальных подразделений МВД, МЧС, МЗ и МОН после получения вышеуказанного письма должны в пределах своих полномочий заранее провести разъяснительную (профилактическую, инструктажную) работу с участниками по вопросам безопасности;

7) в случае если место проведения мероприятия находится на другой территории и планируется перевозка учащихся автомобильным транспортом, необходимо до проведения мероприятия направить в территориальные подразделения МВД и Главное управление по

транспортунун айдоочусу жөнүндө маалыматты камтыган кат жөнөтүү зарыл;

8) иш-чараны өткөрүү үчүн жогоруда аталган документтер тиркелет жана борбордук уюм тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын (социалдык жана билим берүү маселелери боюнча) кароосуна киргизилет.

8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары (социалдык маселелерди жана билим берүү маселелерин тейлеген) кароого келип түшкөн катка макулдугун же макул эместигин билдирет, ошондой эле уруксат берүүчү документтерде кемчиликтер болсо, аны ушул Тартипке ылайык келтирүү үчүн кайтарат.

9. Иш-чараны пландоодо окуучулардын ден соолугуна, өмүрүнө, психикасына жана коопсуздугуна коркунуч туудурган тобокелдиктер аныкталган учурда иш-чаранын маанилүүлүгүнө карабастан иш-чараны өткөрүүгө тыюу салынат.

## 3-глава. Иш-чараны өткөрүү үчүн жоопкерчилик

10. Иш-чараны өткөрүү үчүн жалпы жоопкерчилик уюштуруучуларга жүктөлөт.

Иш-чараны уюштурууда ушул Тартипти жана талаптарды бузган адамдар тартиптик, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат.

11. Уюштуруучулар иш-чарага даярдык көрүүнү жана аны аткарууну контролдойт.

12. ИИМдин, ӨКМдин, ССМдин жана БИМдин аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери катты алгандан кийин өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде коопсуздук маселелери боюнча катышуучулар менен өз убагында түшүндүрүү, окутуу (профилактикалык, нускамалоо) иштерин жүргүзөт, иш-чарага катышат, коомдук тартип, катышуучулардын коопсуздугу жана ден соолугу үчүн жоопкерчилик тартат.

13. Эгерде иш-чара өтүүчү жер башка жерде жайгашса жана окуучулар автомобиль транспорту менен жеткирилсе, жол жүрүү учурундагы жеткирүү жоопкерчилиги уюштуруучуларга жүктөлөт.

14. Иш-чаранын жүрүшүндө коомдук тартипти бузган катышуучулар укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

## 4-глава. Иш-чаранын катышуучуларына коюлган талаптар

15. Иш-чаранын жүрүшүндө коомдук тартипти жана жалпы кабыл алынган жүрүм-турум ченемдерин сактоо, иш-чаранын башка



обеспечению безопасности дорожного движения МВД письмо, содержащее информацию о марке транспортного средства, государственном номерном знаке, водителе автомобильного транспорта, задействованного в мероприятии;

8) для проведения мероприятия прилагаются вышеперечисленные документы и вносятся центральной организацией на рассмотрение заместителя Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики (по социальным и образовательным вопросам).

8. Заместитель Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики (курирующий социальные вопросы и вопросы образования) выражает согласие или несогласие с письмом, поступившим на рассмотрение, также возвращает его для приведения в соответствие с настоящим Порядком, если имеются недостатки в разрешительных документах.

9. В случае выявления рисков, угрожающих здоровью, жизни, психике и безопасности учащихся при планировании мероприятия проведение мероприятия, независимо от его важности, запрещается.

## Глава 3. Ответственность за проведение мероприятия

10. Общая ответственность за проведение мероприятия лежит на организаторах.

Лица, нарушившие настоящий Порядок и требования при организации мероприятия, несут дисциплинарную, административную и уголовную ответственность.

11. Организаторы контролируют подготовку и проведение мероприятия.

12. Сотрудники территориальных подразделений МВД, МЧС, МЗ и МОН после получения письма в пределах своих полномочий проводят своевременную разъяснительную, обучающую (профилактическую, инструктажную) работу с участниками по вопросам безопасности, принимают участие в мероприятии, несут ответственность за общественный порядок, безопасность и здоровье участников.

13. В случае если место проведения мероприятия будет расположено в другом месте и учащиеся будут доставлены автомобильным транспортом, ответственность за доставку во время поездки лежит на организаторах.

14. Участники, нарушившие общественный порядок в ходе мероприятия, несут ответственность согласно законодательству о правонарушениях.

конокторуна жана катышуучуларына сый мамиле кылуу жана иш-чарада тартипти сактоого жооптуу кызматкерлерге жана башка адамдарга коркунуч туудурган аракеттерге жол бербөө зарыл.

16. Иш-чаранын жүрүшүндө уюштуруучулар жана укук коргоо органдары тарабынан коюлган талаптарды кынтыксыз аткаруу керек.

17. Шектүү буюмдар табылса, адамдар барымтага алынса, түтүн же өрт чыкса, иш-чаранын уюштуруучусуна жана коомдук тартипке көз салган укук коргоо органдарына токтоосуз билдирүү керек.

18. Иш-чарага тартылган транспорт каражаттарынын токтоочу жайы иш-чара өткөрүлгөн жерден 200 метрден кем эмес аралыкта болушу керек жана бул ченемдин сакталышын контролдоо ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча башкы башкармалыгы менен биргеликте уюштуруучулар тарабынан ишке ашырылат.

19. Иш-чаранын катышуучуларына төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) иш-чара өтүүчү зонада тамеки тартууга;

2) иш-чара өтүүчү зонада алкоголь жана спирт ичимдиктерин ичүүгө же адамдын кадыр-баркын жана коомдук адеп-ахлагын кемсинткен мас абалында пайда болууга;

3) иш-чара өтүү учурунда сахнага же адамдар чогулган жерге буюмдарды ыргытууга, ошондой эле коомдук тартипти бузуучу башка аракеттерди жасоого;

4) иш-чарада намысына шек келтирген, коомдун адеп-ахлагын кемсинткен мүнөздөгү аракеттерди жасоого;

5) өтмөктөрдө, тепкичтерде, тосмолордо, парапеттерде, бак-дарактарда, чатырларда, таяныч конструкцияларда турууга, иш-чаранын катышуучуларынын кыймылына тоскоолдук кылууга, курулмалардын жасалгаларынын жабдууларын жана элементтерин жана башка шаймандарды, жашыл бак-дарактарды бузууга;

6) иш-чаранын планында каралбаса, иш-чарада жаныбарларды пайдаланууга;

7) расалык, социалдык, улуттук жана диний араздашууну тутандырууга багытталган айырмалоочу белгилерди же башка символикаларды тагынууга же көрсөтүүгө;

8) өрт көзөмөлү органдарынын атайын уруксатысыз пиротехникалык буюмдарды пайдаланууга.



## Глава 4. Требования по обеспечению безопасности учащихся

15. В ходе проведения мероприятия необходимо соблюдать общественный порядок и общепринятые нормы поведения, уважительно относиться к другим гостям и участникам мероприятия и не допускать действий, представляющих угрозу для персонала и других лиц, ответственных за поддержание порядка на мероприятии.

16. В ходе проведения мероприятия следует безукоризненно выполнять требования, предъявляемые организаторами и правоохранительными органами.

17. В случае обнаружения подозрительных предметов, захвата людей в заложники, возникновения дыма или пожара необходимо немедленно сообщить организатору мероприятия и правоохранительным органам, которые следят за общественным порядком.

18. Место стоянки транспортных средств, задействованных в мероприятии, должно находиться на расстоянии не менее 200 м от места проведения мероприятия и контроль за соблюдением этой нормы осуществляется организаторами совместно с Главным управлением по обеспечению безопасности дорожного движения МВД.

19. Участникам мероприятия запрещено:

1) курить в зоне проведения мероприятия;

2) употреблять алкоголь и спиртные напитки в зоне проведения мероприятия или появляться в нетрезвом виде, унижающем достоинство и общественную мораль человека;

3) бросать предметы на сцену или в места скопления людей во время мероприятия, а также совершать иные действия, нарушающие общественный порядок;

4) совершать на мероприятии действия, унизительного характера, порочащие честь, унижающие нравственность общества;

5) находиться на переходах, лестницах, ограждениях, парапетах, деревьях, крышах, опорных конструкциях, препятствовать движению участников мероприятия, повреждать оборудование и элементы отделки сооружений и другой инвентарь, зеленые насаждения;

6) использовать в мероприятии животных, если это не предусмотрено планом мероприятия;

7) носить или демонстрировать знаки различия или другую символику, направленную на разжигание расовой, социальной, национальной и религиозной розни;

8) использовать пиротехнические изделия без специального разрешения органов пожарного надзора.